# Балакай



3 басылыш

Январь 2022

Кайрылуу

Урматтуу биздин достор! Балакайдын жаңы саны аркылуу силер менен көрүшкөнүбүзгө кубанычтабыз.

Ар бир мезгилдин өзгөчө кооздугу бар. Жадыраган жаздын байчечекейлери, келгин куштары көңүлүбүздү көтөрөт эмеспи. Жай мезгили өз жылуулугу, мол мөмө-жемиштери жана эс алуусу менен баарыбызга белгилүү. Саратан куздүн нөшөрлөгөн жамгырлары, берекелүү түшүмдөрү жана ошондой эле түркүн-түстүү жалбырактары ойго келет. Ал эми кычыраган кыш мезгили дегенде оюңузга алгач эмнелер келет? Албетте кардын жааганы, чана, лыжа оюндары, ата-энебиз менен кардан адам жасаганыбыз келсе керек. Аллах дүйнөнү кандай гана кооз жараткан. Кайсы гана мезгил келбесин, айлананы кооздукка бөлөп, көркүнө көрк кошуп турат. Ошентип мезгил кайталанып, жылдар өтө берет экен. Убакыт зымырап учкан куш сымал. Ар бир мусулман берилген убакытты аманат деп билип, туура колдоно билгенге аракет жасайт. Анткени бактылуу өмүр сүрүүнүн сыры ушунда десек жаңылышпайбыз.

Жыл өткөн сайын бой жетип, акылыбызга акыл кошулуп, дүйнөгө болгон таанымыбыз кеңейе баштайт. Балакай журналы да сиз үчүн ар чыккан санын дагы да жакшыртып, жаңылап турганга болгон күчүн жумшайт деп ишендиргибиз келет.

Балакайдын бул санында сиздерге кызыктуу окуяларды даярдадык. Биргеликте жаныбарлар жана жер-жемиштер дүйнөсүнө саякаттайбыз. Бир аят, бир хадис, бир дуа айтканды үйрөнөбүз. Жума күнү аткарыла турган сүннөт амалдарын сунуштайбыз. Зейнеб деген жаңы каарманыбыз менен таанышып,бирге боёйбуз. Анда эмесе, ийигилик сага балакай! Кийинки санынан көрүшкөнчө,

Аллахка аманат!



# МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Бир туугандык | 3 - 4 бет |
| Дүйнөгө бирге саякат | 5 бет |
| Жатаардын алдын | 6 бет |
| А ты знаешь? Наши зубы и зубы животных? | 7 бет |
| Акылдуу бала | 8 бет |
| Бир аят, бир Асмаул Хусна, бир хадис, бир дуа | 9 бет |
| Жемиштер дүйнөсүнө саякат | 10 бет |
| Жума күнү сүннөт аткарып, сооп табалы | 11 бет |
| Сүрөттүн атын кандай атайбыз? | 12 бет |
| Апендинин жоруктары | 13 бет |
| Бирге боёйбуз | 14 бет |





Каттоо номуру: 10269

Редакциялык жамаат:
Шекенова Сабина
Бабанова Диана
Ырыскулова Бузафар
Маадандбек кызы Айнур

Дизайнер:
Жаныбай кызы Бермет

# Бир туугандык

Качан үйдү жыйнабай,чачылып жаткан болсок, апам бизге «силер бир колдун манжалары сыяктуусуңар» деген сөзү менен насыйкатын баштайт эле. Ар айтканы бир кулагымдан кирип, экинчи кулагымдан чыгып кете берет. Бир-эки эмес, бир канча ирет бул абал кайталанганда апам бизге карап, насыйкат айтуу менен болчудай эмес экенине ынанды.

Апам акырында бир сабак берейин деп чечти окшойт. Таежемдин айтканында чындык бар экен, «бир нерсенин аягына чейин чыкмайын тынч турбайт» деген.Манжаларыбызды эки-экиден бириктирип байлап койду.Менин, эжемдин жана инимдин. Апам:
« Акылыңар кирмейинче ушинтип жашайсыңар эми» деди. Эжем таң калды, иним бираз мырылданды.Мен болсо үнүмдү чыгарбадым.
Кызыктын баары эми башталды. Бирибиз тамагыбызды төгүп алып жаттык. Же чачыбызды байлай албайбыз, же көйнөгүбүздүн топчусун тага албайбыз.



Бут кийимдин боосун байлайбыз деп, жыгылып түшүп атып, акылыбызга келе баштадык. Чоөбүз отуруп, апабызга баарын түшүнгөнүбүздү билдирели дедик. Апам :«Анда эмесе оюңарды кагаз бетине жазгылачы,окуйлу» деди. Кенже иним оозеки билдирди. Эжем жазган катын окуй баштады. Мен ошондо абдан таасирлендим. Эмнеге дегенде, эжем үйдүн улуусу болгонго, бардык иш анын мойнуна жүктөлгөнүнө капа экен. Биздин чачкан буюмдарыбызды эжем каалабаса дагы, апам кыйналбасын деп өзү жыйнап койчу экен көрсө. Мындан ары эжем мага эскертме бере турган болду. Ар ким өз буюмуна ээ болуп, ар-касынан жыйнай турган болдук.

Кенже иним, эжем экөөбүз курбуларыбыз менен жолукканы кеткенде дайыма ыйлай берет эле. Көрсө ал биз менен ойногусу келчү экен. Анын ойной турган шериги болбогун эч оюма келбептир. Эжем экөөбүз план түздүк. Кезек менен бир



күн эжем, бир күн мен инибизди сейилдетип туралы дедик. Жадакалса курбу-ларыбызга чогуу барабыз. Демек, биз бир үйдө жашасак дагы, кээде бири-бири-биздин акыбызга кирип калышыбыз мүмкүн. «Мусулман мусулмандын күзгүсү» деп Пайгамбарыбыз (с.а.в) бекеринен айтпаган экен. Көңүл оорутпастан эскертип туруу керек. Апамдын айта турган сөзүн, берген сабагын биз жак-шы түшүндүк. Биз бир колдун манжалары сымал ар түрдүү болсок дагы, бир тууган экенбиз. Ынтымакта болбосок, жалгыз колубуздан эч нерсе келбейт экендигине көзүбүз жетти. Бирок билесиңерби, баары бир ортончусу болуу бираз кыйыныраак

# Дүйнөгө бирге саякат

Кандайсыңар балакайлар. Менин атым Ахмад. Мен 5 жаштамын. Бүгүн биздин коңшу үйгө жаңы үй-бүлө көчүп келди. Алардын бир баласы бар экен. Чамасы мектепте окуйт окшойт. Биз апам экөөбүз аларга кечки тамак даярдап, үйүнө бардык. Эшикти көздөрү жайнаган, жүзү нурдуу Жыпар эже ачты. Бизди үйүнө киргизип чай берди. Мен дароо эле чайымды ичип, баласынын бөлмөсүнө кирип бардым. Эшикти акырын ачты. Эмнени көрдүм дейсиң? Тим эле укмуштуудай буюмдар бар экен. Таң кала ар бирине көз салдым. Алар мага өзгөчө нерселер айткысы келгенин сезип жаттым. Аңгыча бөлмөнүн ичинен:

— Эй, бул ким? -деген үн чыкты.

Уялыңкы үн менен:

— Мен, кечирип коюуңузчу - дедим.

— Жок эч нерсе эмес. Бирок кийинкисинде тыкылдатып кир ээ. Анткени Пайгамбарыбыз Мухаммад (с.а.в) бирөөнүн үйүнө барганда 3 жолу тыкылдатып кирүүбүздү буйурган. Ии баса, менин атым да Мухаммед - деди жылмайыңкы жүзү менен.

— Ооба эстедим, мечиттин имамы да айткан болчу. Эми аткарам мындан кийин - дедим имамдын айтканын угуп, аткарбаганыман уялып.

Бөлмөдөгү шумдуктуудай буюмдар, сүрөттөр мени ушунчалык өзүнө тартып турду, буюмдарды карап жатып Мухаммадка да суроолорду берип жаттым. Ал мени менен тең экен. Бирок окууга бул жылы баштоону каалап, бирок жашынан улам алынбай калыптыр. Өзүм үчүн сүйүндүм эми ал менен чогуу окуймун деп, бирок Мухаммад үчүн бираз кайгырдым. Анткени ал быйыл окууну каалаган эле. Мухаммад менен бат эле тил табышып кеттик. Менин эң чоң кыялым дүйнө жүзүн саякаттоо болчу. Муну Мухаммадка айтсам таң калды. Анан мага бир узун болгон үйдүн сүрөтүн көргөздү.

— Бул үй кайда билесиңби? деди

Достор, чынын айтсам мен анын кайда экенин билбейм ((( Силер билесиздерби? Аңгыча Мухаммед эки саат алып келди:

— Сен дүйнөнү саякаттоодон мурда сөзсүз өз Мекениңди таанышың керек,- деп колума саатты такты жана бир нерселерди баскылай берди да заматта тоолуу, жашыл чөптөрү, бийик таштар деги эле койчу, көргөндөрүм көздүн жоосун алат...



(Балакайлар, бул эки достун кайсы жерге саякаттаганы сизге да кызык болуп жатабы? Анда кийинки санызды чыдамсыздык менен күтүңүз! Кыргызстанды биз менен тааныңыз)

# ЖАТААРДАН МУРДА

Отуз үч ( 33) жолу Субханаллах.

Отуз үч (33) жолу Альхамдулиллах.

Отуз төрт (34) жолу Аллаху Акбар айтыңыз.





-"Үч киши отурганда,
эки кишинин шыбырашуусу болбойт,
бул үчүнчү кишини капалантат".
(Муслим Салам 38)





У слонов есть длинные зубы. Их называют бивни.А знаете почему они нужны им? Для слонов эти бивни нужны, чтобы защитить себя. Еще они используют его, чтобы находить воду и для вытаскивание корни растений и даже копать землю для преимущества.

# А ты ззнаешь? Наши зубы и зубы животных?

У моржей тоже две зубы длинные. Они его используют, чтобы вытащить  из воды массивное тело, морж цепляется бивнями за твердую поверхность льда. Бивни на самом деле представляют собой длинные клыки весом до 5 килограммов. Моржи используют бивни во время драк и для защиты от хищников.



# Акылдуу бала

Илгери-илгери өткөн заманда бир шаарда өзгөчө акылдуу, баамчыл бала болгон экен. Ал бала акылдуу болуп, ар дайым ойлонуп иш кылган, көргөн билгендерин терең аңдаган, зээндүү бала эле.

Бир жолу башка жактан келген бир кишиге жолугат. Ал киши көптөн бери төөсүн таппай, көп жол жүруп келе жаткан болот. Жок дегенде ушул бала көрдү бекен?-деп баладан төөнүн ээси сурайт.

-Балам, көптөн бери бир төөмдү жоготуп издеп жүрөм. Силер жактан өтүп калса, көрүп калган жериң жокпу?-деп сөз баштайт.

-Ал төөңүздүн арткы буттарынын бири аксак эмес беле?

-Ооба, ооба дал ошондой. Төөмдүн арткы бир буту ооручу эле.

-Төөдө куржунга салынган буудай жок беле?

-Ооба, ошондой, бар болчу. Төөнүн куржунунда буудай бар болчу. Ошону менен кошо жоготкон элем.

-Төөнүн өңү ак беле?

-Ооба, өңү ак болчу. Демек, балам, сен менин төөмдү көргөн турбайсыңбы.

-Жок, байке, мен сиздин төөңүздү көргөн жерим жок.

Баланын бул жообуна таң калган киши андан кайра сурайт.

-Балам, сен менин төөмдү көрбөсөң, анан төөнүн аксак экенин, куржунунда буудай бар экенин, төөнүн өңүн кайдан билесиң?

Ошондо бала мындай деп жооп берген экен:



-Мен сиздин төөңүздү көргөн жокмун. Мен кайсы бир төөнүн жалгыз келип жыгачка кашынып, сүйкөнгөнүн анын изинен көрдүм. Ал жердеги изди карасам, төөнүн изи экен. Төөнүн бир буту жерге тийбептир. Төө аксап баскан экен. Төө кашынган жерде бираз буудай төгүлүптүр. Андагы куржун жыгачка илинип тешилген экен. Анан ал төө сүйкөнгөн жыгачта төөнүн жүндөрү турат. Анын өңү агыш экен. Төөнүн баскан изине көңүл бурсак, ал батыш тарапка багыт алыптыр,- деген экен. Кичинекей баланын мындай акылына, анын баамчылдыгына баа берип, киши аябай таң калып, ыраазы болгон экен.

(Кыргыз жомогу)

# 1 аят Асмаул Хусна хадис дуа

## Бир аят

“(Оо, Мухаммад) сага вахий кылынган китепти оку,намазды толук аткар. Намаз окуу абийирсиздиктерден жана жаман иштерден тосот”. (Анкабут сүрөсү (29), 45-аят)

## Асмаул Хусна

Аллах Тааланын эн жакшы ысымдарына “Асмаул Хусна” дейбиз. Бир аятта :“Эң кооз ысымдар Ага таандык” (Хашр:24) деп келет. Ал эми бир хадисте “Ким бул ысымдарды маанисин түшүнүп, санай турган болсо, жана зикр кылса Бейишке кирет.” деп айтылат.

العزيز

**Ар-Рауф:** Өтө мээримдүү, чексиз ырайымдуу.

## Бир хадис

“Ар бир адам досунун жашоо таризинен таасирленет. Андыктан достошо турган адамын абайлап тандасын.”



## Бир дуа

Жалкоолуктан, коркоктуктан жана чечкинсиздиктен, бактысыз карылыктан сактагын оо Жараткан!



# *Жашылча жемиштердин дүйнөсү*

Азамат аттуу бир бала болгон. Бир күнү ал ооруп калгандыгына байланыштуу мектепке бара албай калды. Ата-энеси Азаматты көрсөтүү үчүн дарыгерге алып келишти. Дарыгер Азаматты дароо бөлмөсүнө алып кирип кетти.

**Дарыгер:**

-Сен кандай нерселер менен азыктанып жатасың?„ деп сурады.

**Азамат:**

- мммм мен гамбургер, чипсы, шоколад менен азыктанам. Анткени алардын даамы аябагандай соонун,-деп жооп берди.

**Дарыгер:**

-Азамат сен зыяндуу тамак-аштар менен азыктанып жаткандыгың үчүн, тез-тез сыркоолоп аткан турбайсыңбы. Билесиңби, оорубаш үчүн жашылча жемиштерди көп-көп жеш керек.

Азамат жашылча жемиштерди жеш керектигин көп жолу уккан. Бирок ал ага канчалык пайдалуу экенин билбейт эле.

Бир күнү атасы Азаматка жер-жемиштердин пайдасы тууралуу китеп алып берди. Китепти чогуу окуй башташты. Бир аз окугандан кийин Азамат уктап калды. Атасы китепти жаап, акырын бөлмөдөн чыгып кетти. Азамат түшкөрө баштады. Түшүндө чоң бир эшикти көрдү. Ал эшикте «жер-жемиштердин дүйнөсү» деп жазылуу болчу. Дароо эшикти ачып, ичине кирди. Ал жакта капуста, пияз, сабиз жана көптөгөн жемиштерди жолуктурду.

Кош келдиң Азамат! Мен, капуста ар кандай ооруларды алдын алганга жөндөмдүүмүн. Организмдеги зыяндуу заттарды сыртка чыгарам. Уйкунун качуусун, баш ооруларын калыбына келтирем. Ошондуктан капустадан жасалган салаттарды, тамактарды көп-көп жеш керееееек....

Апасы Азаматтын бөлмөсүнө кириши менен ойгонуп кетти. Ошентип түшүнөн болсо да, капустанын пайдасын үйрөнүп алды.



# Жума күнү сүннөт аткарып, соопт табалы!

**Гусул алуу**



**Жыпар жыт себинүү**



**Таза кийим кийүү**



**Мечитке баруу**



**Таалимге катышуу**



**Салават айтуу**



«Аллахумма салли ала Мухаммадин уа ала аали Мухаммад».

**Тырнак алуу**



**Куран окуу**



**Дуа кылуу**



Пайгамбарыбыз (сав) жума жөнүндө эмне деген?

"Эгерде адам жума күнү колунан келишинче гусул алып, үйүндө бар мисктен сүртсө, анан жума намазына келип, олтургандарды түрткүлөбөсө, (Аллах тарабынан) буюрулган намазын окуса, анан имам сүйлөгөн кезде унчукпай олтурса, анда, анын мурдагы жумадан ушул жумага чейинки (майда) күнөөлөрү кечирилет!"

# СҮРӨТТҮН АТЫН КАНДАЙ АТАЙБЫЗ?





# Апендинин Эшенди алдаганы

Апенди үйүнүн жанында отуруп калып:" Оо Кудай, жүз дилде бер.Эгер андан бир дилде кем да ашык болсо да албайм",-деп айта берчү экен.Аны кошунасы болгон. Эшен угуп эле жүрөт. Бир күнү эшен:"Чын айтабы, же жалган айтабы,"-деп апендини сынамакчы болот да,токсон тогуз дилдени баштыкка салып,үйүнүн үстүнөн таштап жиберет.Апенди аны алып санаса токсон тогуз."Мына бул баштыгы менен жүз экен," - деп катып алат.

Эшен жүгүрүп келип:"бул дилдени Кудай эмес, мен эле сени сынап таштагам.Сен токсон тогуз дилдени албайм дечү эмес белең",-десе,"Жок, муну мага Кудай тилегиме ылайыктап туруп баштык менен туптуура жүз кылып бериптир. Ишенбесең Кудайдан сура"-деп, апенди Эшенге бербей койгон экен.

(Кыргыз жомогу)



# БИРГЕ БОЁЙБУЗ

*(боёп бүткөн соң формасы менен кесип, чогултуп белек кыл!)*










*( уландысы келээрки санда)*

# УРМАТТУУ ДОСТОР!
# «БАЛАКАЙ» ИНТЕРАКТИВ ЖУРНАЛЫНА ЖАЗЫЛУУ АКЦИЯСЫ БАШТАЛДЫ.




Биздин дарек: Бишкек ш., Иса Ахунбаева к,227
Социалдык тармактарда
balakay_journal +996 704 355 344